**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Сокулук районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Чүй областынын Сокулук райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгы, Сокулук районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- финансы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;

- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;

- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;

- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;

- ижара мамилелерине аудит;

- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;

- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;

- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;

- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;

- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы № 403 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Сокулук райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгында, Шопоков шаарынын мэриясында, Сокулук районунун **20** өз алдынча башкаруу органдарында жана **19** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитти ишке ашыруу үчүн берилген маалыматтар үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2021-жылга Сокулук районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 23 132,7 миң сомго;**

- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **20 468,9 миң сомго;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **16 432,3 миң сом;**
- коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар-**3 330,4 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 17 334,4 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 9 656,7 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 7 677,7 миң сом калган, анын ичинде:

- Жаңы-Жер айыл өкмөтү – 66,6 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- "Таза айыл таза суу" МИ– 25,9 миң сом (кармалбай калган киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү);
- З. Кайназарова атындагы айыл өкмөтү – 38,5 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- Кызыл-Туу айыл өкмөтү – 130,7 миң сом (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- "Кызыл-Туу" МИ – 420,1 миң сом кармалбай калган киреше салыгы жана камсыздандыруу төгүмдөрү);
- Новопавловка айыл өкмөтү – 2 350,5 миң сом (мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу- 1 672,3 миң сом; материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 678,2 миң сом);
- Орок айыл өкмөтү – 73,2 миң сом (КММ ченемден ашып кетүүсү);
- Первомай айыл өкмөтү – 130,2 миң сом(жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү);
- Сокулук айыл өкмөтү – 4 295,9 миң сом (жетпей калуу – 692,8 миң сом; материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 655,7 миң сом; курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 249,3 миң сом; эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 698,1 миң сом);
- " Сокулук Таза-Суу" МИ – 213,2 миң сом (материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларын кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу).

**2022-жылга Сокулук районунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү.**

2022-жылы райондун өнөр-жай ишканалары тарабынан 15 млрд. 436 млн. 282,5 миң сомго продукция өндүрүлгөн, 2021-жылдын денгээлине салыштырганда – 140,5% түзгөн. Физикалык көлөмдүн индекси 106,6% түзгөн.

2022-жылдын 12 айында 3 138 804,3 миң сом капиталдык салымга инвестициялар багытталган, же 2021-жылдын денгээлине салыштырганда 96,0 % түзгөн (3 268 088,1 миң сом). Каржылоонун негизги булактары болуп ишкана жана уюмдардын каражаттары- 176 862,2 миң сом, чет өлкөлүк кредит -354 479,3 миң сом, калктын каражаттары- 2 151 340,0 миң сом, республикалык бюджет-267 597,6 миң сом, чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардам- 188 525,2 миң сом эсептелет.

2022-жылда жакынкы чет өлкөлөргө товарларды экспорттоо 4 144 704,6 миң сомду же 50 035,6 миң АКШ долларын түзгөн 2021-жылга салыштырганда 461 388,4 миң сомго аз, же 90% түзгөн (2021-жылы -4 606,093,0 мин сом, же 54 433,630 миң АКШ доллары). Экспорттолуучу товарлар: кумшекер, бал, сүт азыктары, алкоголь ичимдиктери, жашылча жемиштер.

Импортко келген товарлар 4 809 044,7 миң сом (2021-жылы 3 961 324,4 миң сом), же 847 720,3 миң сомго көбөйгөн, же 121,4 % түзгөн. Импорттун чоң көлөмүн кофе, чай, татымалдар, жашылча, жемиштер, жумуртка, джемдер, мармеладдар, канаттуулардын эти, вино ж.б. түзөт.

2022-жылдын 12-айында 1 957 жаңы жумуш орундары түзүлгөн. Алардын ичинен: айыл чарба, токой жана балык улоочулукта 944, курулушта, дүң жана чекене соодада 88,

автомобиль жана мотоциклдерди оңдоодо 170, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоодо 62, мейманкана менен ресторандардын ишмердүүлүгүндө 57, билим берүүдө 55, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөдө 41, экономикалык ишмердиктин башка түрлөрүндө 218, чакан жана орто бизнесте 322 жаңы жумушчу орундары түзүлгөн.

2022-жылдын 12 айында менчиктин бардык түрүндөгү курулуш уюмдары тарабынан 3 138 804,3 миң сомго курулуш иштери аткарылып, былтыркы жылга салыштырмалуу 96,0 % түзгөн.

2022-жылдын 12-айында 88 832,0 кв.м. аянт турак жайлар пайдаланууга киргизилген, же былтыркы жылга карата 244,9%.

2022-жылы 10 кВ аба чубалгыларында ондоо 115,075 чакырым, 32 682,3 миң сомго аткарылган.

Сокулук райондук электр тармактары 64 423 калк кардарын жана 2481 өнөр жай кардарларын тейлейт. 2022-жылдын 12 айында тармакка келип түшкөн электр энергиянын көлөмү 91 994,8 миң кВт. саат түзгөн.

2022-жылы автожолдорду оңдоо иштерине жергиликтүү бюджеттен 48 255,6 миң сом жумшалган.

**2022-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы**

Сокулук району боюнча 2022-жылдын 12 айына мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча салык жана салыктан тышкарк тө төлөмдөрдүн жеткирилген болжолу 1 198 941,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө түшүүлөр 1 270 556,7 миң сомду түзгөн, бул жеткирилген болжолго карата 106,0% түзөт, же 2021-жылга салыштырганда 106 011,2 миң сомго көп түшкөн, же өсүү темпи 109,1% (2021-жылга план-болжол – 1 130 845,7 миң сом, иш жүзүндө 1 164 545,5 миңсом түшкөн, аткаруу 102,9% түзгөн).

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү план-болжол боюнча 546 641,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 546 648,5 миң сом түшкөн же болбосо 100% аткарылган, же киреше бөлүгү 6,6 миң сомго көп аткарылган (2021- жылы план-божомол боюнча 633 153,8 миң сом каралса, иш жүзүндө 605 335,9 миң сом түшкөн, 95,6% аткарылган ).

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө түшүүлөр план-болжол боюнча 652 300,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 723 908,0 миң сом түшкөн, 111,0 % аткарылган, же 71 608,0 миң сомго ашыкча аткарылган (2021-жылы план-болжол 497 691,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 559 209,6 миң сом түшкөн, 112,4% аткарылган), өсүү темпи 129,4%.

Сокулук районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин алкагында: Сокулук райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгы, Шопоков шаарынын мэриясы, 19 айыл өкмөттөрү, 19 муниципалдык ишканалар камтылган.

Чүй областынын Сокулук районунда жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, бардыгы:

Аныкталган финансылык бузуулар – **14 710,4** миң сом, анын ичинде:

- жетпей калуулар жана уурдоолор – 57,1 миң сом;
- каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер – 13 194,5 миң сом, анын ичинде:
  - эмгек акыны негизсиз төлөөлөр- 2 737,2 миң сом;
  - товардык-материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларды кошкондо, акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 49,5 миң сом;
  - курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 6 196,9 миң сом;
  - мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 231,5 миң сом;
  - эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 3 979,4 миң сом.
- бюджеттин кошумча чегерилген кирешелери – 759,7 миң сом, алардын ичинен:

- салык жана бажы мыйзамдарын бузуулар – 385,7 миң сом;
- бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы – 343,9 миң сом;
- акциялардын мамлекеттик пакетине дивиденддер – 30,1 миң сом.

- Соцфонддун кошумча чегерилген кирешелери – 699,1 миң сом.

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-14 811,8** миң сом, анын ичинде:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары-259,8 миң сом;
- эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 649,5 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар тарабынан бюджетти түзүүдө анын киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн азайтуу жана чыгаша бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн жогорулатуу менен колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерди кабыл алгандыгына байланыштуу, салык, бажы жана башка төлөмдөр боюнча жана бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары – 12 812,1 миң сом;
- бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары – 1 090,4 миң сом.

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **3 509,6 миң сом**, анын ичинде:

- ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттар-3 503,8 миң сом;
- мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруудагы бузуулар – 5,8 миң сом.

Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар – **31,9** миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иши, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Сокулук райондук мамлекеттик администрациясы**

2022-жылга чыгымдар сметасы 13 168,1 миң сом суммасында бекитилген, 17 910,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 16 362,2 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 16 462,5 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен, кенже тейлөөчү персоналга 2022-жылдын 1-августунан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында иштеген жылдары үчүн **21,2** миң сом өлчөмүндө үстөк эсептелген жана төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын. Кенже тейлөөчү персоналга негизсиз үстөк акы төлөө боюнча күнөөлү адамдарга карата тартиптик мүнөздөгү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга электр энергиясын пайдаланууга 45,0 миң кВт/с. ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдалануу 51,2 миң кВт/с. түзгөн, же бекитилген ченемден ашык 6,2 миң кВт/с. **23,8** миң сомго электр энергиясын ашыкча пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясына бекитилген ченемдер так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит автотранспорт каражаттарынын жол баракчаларында спидометрдин бузулгандыгына байланыштуу, алардын көрсөткүчү жазылбагандыгын белгилейт.

**Сунуштама:**

Автомашиналардын спидометрлери иштеген абалга келтирилсин, андан кийин, жол барактарынын тиешелүү реквизиттеринде спидометрдин көрсөткүчтөрү жазылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

**Сокулук районунун Өнүктүрүү фонду**

2022-жылга чыгымдар сметасы 20 400,0 миң сомго бекитилген жана такталган, кассалык чыгашалар 12 087,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 11 980,6 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 14-октябрындагы № 220 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобонун 44-пунктуна ылайык, "Фонддун дирекциясы Фонддун каражаттарын пайдалануу жөнүндө маалыматтарды расмий басылмаларга квартал сайын жарыялап турат, ошондой эле бул маалыматты жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын веб-сайтына жана/же Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын сайтына жайгаштырат", бирок, Сокулук районун Өнүктүрүү фонду тарабынан каражаттарды пайдалангандыгы тууралуу маалымат расмий басылмаларда жарыяланган эмес.

Өнүктүрүү фондунун аткаруучу директору 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук жыл үчүн Фонддун бюджетинин аткарылышы жана Фонддун каражаттарынын эсебинен каржылануучу долбоорлордун ишке ашырылышы жөнүндө отчетту даярдап, Байкоочу кеңештин кароосуна сунуштаган, бирок, аудит учуруна отчет бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, расмий басылмаларда Фонддун каражаттарынын пайдаланылышы жөнүндө маалыматтарды жарыялоо жана Фонддун бюджетинин аткарылышы жана Фонддун каражаттарынын эсебинен каржылануучу долбоорлордун ишке ашырылышы жөнүндө отчетту бекитүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы № 20 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор К. Чымылдаков жана Р. Мейматкулов

**Асылбаш айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 6 160,5 миң сомго бекитилген, такталган план 12 956,4 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 14 350,0 миң сом киреше түшкөн, же план 110,7% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 4 960,5 миң сом суммасында бекитилген, 12 288,9 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 10 971,6 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар – 5 624,1 миң сом. Кассалык жана иш жүзүндөгү чыгашалардын ортосундагы айырма балanска негизги каражаттарды кабыл алуу менен (аткарылган иштердин актысы) 7664,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде статист-экономисттин бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага 15,3 миң сом Социалдык фондго төлөмдөрдү кошкондо **88,7** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик кызматкерлердиу бош кызмат орундарына дайындоо, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык

кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **36,6** миң сом суммасында жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети алган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында киргизүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткаруу камсыз кылынсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 36,6 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдуллаев Ш.

**Атбашы айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 49 099,9 миң сом суммасында бекитилген, 39 537,7 миң сомго такталган, иш жүзүндө кирешелер 39 428,7 миң сомду түзгөн, план-болжол 99,7% аткарылган. Жылдын башына карата эркин калдык 9 948,5 мин сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 45 439,2 миң сом суммасында бекитилген, 45 704,5 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 29 774,4 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 28 335,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин" деп, бекитилген 115-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, жергиликтүү бюджетке 2022-жылдын 29-декабрында өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин 150 ижарачылары менен 2 698,4 миң сомго келишимдер түзүлгөн. Ошондой эле, 2022-жылдын башына карата ижара акысы боюнча 1 344,2 миң сом дебитордук карызы болгон. Ошону менен бирге, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 1 573,9 миң сомду түзгөн. Бюджеттин киреше бөлүгү 2 468,7 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

Ошондой эле, калктуу конуштун жерлеринин ижара акысы (361,3 миң сом) жана муниципалдык имараттардын ижарасы (85,3 миң сом) сыяктуу булактар боюнча бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз төмөндөтүлгөн.

Ошентип, бир катар булактар боюнча бюджеттин киреше бөлүгүн негизсиз төмөндөтүүнүн натыйжасында, бардыгы **2 915,3** миң сом суммасында жергиликтүү бюджеттин жоготууларына жол берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага аудит мезгилинде 5,1 миң сом Социалдык фондго төлөмдөрдү кошкондо, **34,7** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

Ошондой эле, жогоруда аталган мыйзамдын 37-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, муниципалдык кызматта туруусунун чектүү курагына жеткен (65 жаш) материалдык бухгалтер А.Акулич жана экономист-статист У. Токтосунова (экөө тең 1953-жылы туулган) иштеп жатышат, аларга 124,9 миң сом Социалдык фондго чегерүүлөрдү кошкондо, эсептелген эмгек акынын жалпы суммасы **848,7** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгү так жетекчиликке алынсын. Муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагына жеткен кызматчыларды ээлеген кызмат ордунан бошотуу бөлүгүндө, жогоруда аталган мыйзамдын 37-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптары өз убагында аткарылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобонун 3-пунктун бузуу менен, депозиттик эсепте тиешелүү бюджеттин кирешесине которулууга тийиш болгон **49,9** миң сом 3 жылдан ашык сакталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобонун 4-пунктуна ылайык, депозиттик эсепте 3 жылдан ашык сакталган 49,9 миң сом тиешелүү бюджеттин кирешесине которулсун.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата **599,4** миң сом суммасына отундун нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков

**Военно-Антоновка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү 50 814,6 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде атайын эсептин каражаттары боюнча 5 000,0 миң сом. Иш жүзүндө аткаруу 53 457,8 миң сомго аткарылган, же түшүүлөр планы такталган болжолго салыштырмалуу 134,2% аткарылган, кирешелердин пландан ашыкча түшүүсү 13 624,1 миң сомго камсыздалган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү тактоолор менен 56 065,5 миң сом суммасында бекитилген, жыл башына карата калдыктар 3 675,0 миң сом, кассалык чыгымдар 45 065,4 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 42 084,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренсинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдерин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүү камсыздалган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазама буйругун аткарбаган жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыздалсын, кыска мөөнөттө АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдерин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүү камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин" деп, бекитилген 115-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, Военно-Антоновка айыл өкмөтүнүн бюджетине айылдык кеңештин токтомдору менен 4 жолу өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери жалпы суммасы 2 109,1 миң сомго түзүлгөн. Ошондой эле, 2022-жылдын башына карата ижара акысы боюнча 551,3 миң сом суммасында дебитордук карызы болгон, мында, 2022-жылга бул булак боюнча такталган болжолдуу план 2 091,2 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү 569,2 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп эсептелет.

Ошол сыяктуу эле, 2022-жылы жалпы суммасы 1 023,0 миң сомго муниципалдык жерлердин ижара келишимдери түзүлгөн, 2022-жылдын башына карата ижара акысы боюнча 399,0 миң сом суммасына дебитордук карызы болгон. Мында, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 930,0 миң сомду түзгөн. Бюджеттин киреше бөлүгү 492,0 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн.

Ошентип, бир катар булактар боюнча бюджеттин киреше бөлүгүн негизсиз төмөндөтүүнүн натыйжасында, бардыгы **1 061,2** миң сом суммасында жергиликтүү бюджеттин жоготууларына жол берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык

кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө” токтомдорунун талаптарын бузуу менен, 2022-жылдын 1-августуна чейин жалпы суммасы **649,5** миң сомго кварталдык сый акылар төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акыны, үстөктөрдү жана башка төлөмдөрдү эсептөө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, 2022-жылы 1 266,8 миң сом суммасында бүткөрүлгөн курулуш иштеринин наркы, аудит учуруна бухгалтердик эсеп боюнча 3111 "Имараттар жана курулмалар"эсебине киргизилген эмес.

**Сунуштама:**

Бухгалтерия бухгалтердик эсеп боюнча түзөтүүчү өткөрүүлөрдү жүргүзсүн жана "Имараттар жана курулмалардын" (3111 эсеп) наркын 1 266,8 миң сом өлчөмүндө бүткөрүлгөн курулуш иштеринин суммасына жогорулатсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобонун талаптарын бузуу менен, Военно-Антоновка айылдык кеңешинин 2018-жылдын 23-январындагы №26 токтому менен муниципалдык жерлер үчүн ижара акысынын наркынын белгиленген өлчөмдөрү бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык жерлер үчүн ижара акысынын баштапкы баасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобонун талаптарына так ылайык бекитилсин.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айылдык кеңештин 2021-жылдын 4-мартындагы №01-5/22 токтомун бузуу менен, Военно-Антоновка айыл өкмөтүнүн мектепке чейинки мекемелеринде тамак-аш азыктарын бекитилген ченемден ашыкча чыгымдоого жол берилген, ашыкча чыгымдоонун суммасы бардыгы **220,7** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Бала-бакчаларда тамак-аш азыктарын эсептен чыгарууга көзөмөл күчөтүлсүн. Тамак - аш азыктарын чыгымдоонун белгиленген ченемдерин сактоо бөлүгүндө, айылдык кеңештин 2021-жылдын 4-мартындагы №01-5/22 токтомунун аткарылышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М. Сакиев

**Военно-Антоновка айылдык кеңешинин муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Военно-Антоновка айыл өкмөтү)

2022-жылы операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн киреше 19 000,1 миң сомду түзгөн, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун өздүк наркы 19 000,1 миң сомду түзгөн, же

бухгалтердик эсептин маалыматтары жана отчеттор боюнча, ишкана финансы-чарбалык ишмердүүлүгүн пайда же зыянсыз аяктаган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, ЧУА сактоо бөлүгүндө толук аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазама буйругун аткарбаган жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибине так ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 217-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, ишкана тарабынан 857,8 миң сом 3590 "Келерки мезгилдердин чыгымдары" эсебине негизсиз киргизилген жана 2022-жылдагы эсептен чыгарууга киргизилген, ушуга байланыштуу бюджетке киреше салыгы түрүндө **85,8** миң сом аз түшкөн.

**Сунуштама:**

Бухгалтерия кирешелерди 857,8 миң сом суммасына көбөйтүү менен, түзөтүүчү өткөрүүлөрдү жүргүзсүн, салык декларациясына оңдоолор киргизилсин, Ишкананын таза кирешесин 85,8 миң сомго көбөйтүү менен, бюджеттин кирешесине 85,8 миң сом суммасында киреше салыгы которулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-беренесин бузуу менен, Военно-Антоновка МИ кызматкерлерине бир жолку төлөөлөр киреше салыгы кармалбастан жүргүзүлгөн, алардын суммасы алдын ала эсептер боюнча **42,1** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Ишкананын кызматкерлеринен өз убагында кармалбаган жалпы суммасы 42,1 миң сом киреше салыгы өндүрүп алынсын жана тиешелүү бюджетке которулсун. Мындан ары, кызматкерлерге бир жолку төлөөлөрдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-беренесинин так сакталышы камсыз кылынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, ишкананын кызматкерлерине бир жолку төлөөдө **36,0** миң сом өлчөмүндө социалдык чегерүүлөр кармалган эмес, ошондой эле, төлөмдөр булагынан 17,25% өлчөмүндө **77,6** миң сом суммасында социалдык төгүмдөр эсептелген эмес.

**Сунуштама:**

Жалпы суммасы 113,6 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү өндүрүп алынсын жана Социалдык фонддун бюджетине которулсун. Мындан ары, кызматкерлерге бир жолку төлөөлөрдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманын сакталышы камсыздалсын.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

ФОЭС (МСФО) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү эрежелерин бузуу менен, 2022-жылдын августунда Военно – Антоновка айылындагы канализация системасы үчүн наркы 110,0 миң сомго сатылып алынган насос эсеп боюнча кириштелген эмес, тиешелүү түрдө, негизги каражат катары бул суммага негизги каражаттардын наркы жогорулаган эмес-110,0 миң сом суммасындагы эсепке берме каражаттар, операциялык чыгымдар катары түздөн-түз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Насостун иштөө мөөнөтү 12 айдан ашкандыгына байланыштуу, ФОЭС (МСФО) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү эрежелерине ылайык, бухгалтерия бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук боюнча тиешелүү түзөтүүчү өткөрүүлөрдү түзүү жолу менен, негизги каражаттарда наркы 110,0 миң сом болгон насосту калыбына келтирсин.

6. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 19.1 пунктун бузуу менен, имараттын чатырын оңдоо боюнча 5 350,0 миң сом суммасындагы кызматтар жөнөкөй сатып алуу методу менен сатылып алынган, бирок, бул метод "3000000 сомго чейин сатып алуулар болгон учурда.» колдонулат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибине так ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М. Сакиев

**Гавриловка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү 21 337,4 миң сом суммасында бекитилген, 24 962,3 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткаруу 27 172,1 миң сомго камсыздалган, же план 108,8% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 19 617,4 миң сом суммасында бекитилген, 29 372,3 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 24 497,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 17 374,3 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылга 4 754,3 миң сом суммасында АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүгө келишимдер түзүлгөн. Ошондой эле, 2022-жылдын башына карата ижара акысы боюнча 1 050,2 миң сом суммасында дебитордук карыз болгон. Ошону менен бирге, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 4 853,1 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү **951,4** миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, "Жангарач айылындагы спорт залды реконструкциялоо" объектиси боюнча подрядчы "Стимул-Строй береке" ЖЧКсы тарабынан 79,6 миң сомго иштердин наркынын жогорулагандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган, "Жангарач айылындагы спорт залды реконструкциялоо" объектиси боюнча подрядчы "Стимул-Строй береке" ЖЧКсы тарабынан 79,6 миң сомго иштердин наркынын жогорулатылышын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Ч. Алымкулова, А. Мусуралиев, Д. Кубанычбеков

**"Гавриловка айыл өкмөтүнө караштуу көрктөндүрүү комбинаты" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Гавриловка айыл өкмөтү)

2020-жылдагы кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетуна ылайык, операциялык иштен негизги киреше 2 046,1 миң сомду, товарларды сатуунун өздүк наркы – 2 022,4 миң сомду, операциялык чыгашалар-273,1 миң сомду түзгөн, иштин жыйынтыгы боюнча 12,1 миң сом зыян тартылган.

2021-жылдагы кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетуна ылайык, операциялык ишмердиктен негизги киреше 420,4 миң сомду, товарларды сатуунун өздүк наркы 443,6 миң сомду түзгөн, иштин жыйынтыгы боюнча 22,0 миң сом зыян тартылган.

2022-жылдагы кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетуна ылайык, операциялык ишмердиктен негизги киреше 960,2 миң сомду, товарларды сатуунун өздүк наркы 963,0 миң сомду түзгөн, иштин жыйынтыгы боюнча 2,8 миң сом зыян тартылган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бузуу менен, жумуш орундарын аттестациялоосуз, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн: 2020-жылы 89,2 миң сом суммасында, 2021-жылы- 72,0 миң сом, бардыгы **161,2** миң сом кошумча төлөмдөр төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча төлөмдөр, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жободо каралган тартипте ишке ашырылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ч. Алымкулова

**Жаңы-Жер айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү 12 199,5 миң сом суммасында бекитилген, 15 159,9 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткаруу 14 526,4 миң сом, же план 96,0% аткарылган. Жылдын башына карата эркин калдык 988,3 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 12 199,5 миң сом суммасында бекитилген, 17 613,8 миң сом суммасына такталган, кассалык чыгымдар 15 980,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 11 792,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренсинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда,

66,6 миң сом калыбына келтирилген эмес (жайыт комитетинен жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешенин 1/3 бөлүгү).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын. 66,6 миң сомду калыбына келтирүү боюнча (жайыт комитетинен жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешенин 1/3 бөлүгү) иштиктүү чаралар көрүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага 6,7 миң сом Социалдык фондго төлөмдөрдү кошкондо **87,0** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына мамлекеттик кызматкерлерди дайындоо, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, 2022-жылдын 27-октябрындагы №221024353258787 кабинеттерди оңдоого жабдуучулардын сунуштарын баалоодо жана жеңүүчүлөрдү аныктоодо, жеке ишкер А.Асанбаевдин минималдык баа менен 56,8 миң сомго квалификациялык жана техникалык талаптарды эске алуу менен конкурстук сунушу четтетилген. Жеңүүчү болуп “Ак-Ас плюс” ЖЧКсы таанылган, аны менен 62,6 миң сом суммасына келишим түзүлгөн. Жыйынтыгында, жергиликтүү бюджеттин жоготуулары **5,8** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 48-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, 2022-жылдын 27-октябрындагы №221024353258787 конкурсун өткөргөн жооптуу адамдарга карата чаралар көрүлсүн. Мындан ары, конкурстун жеңүүчүсүн аныктоодо, жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын 26-беренеси так жетекчиликке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Жолдошев Р.

**“Дени сак улут” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Төмөнкү-Чүй айыл окмөтү)

2022-жылдагы Кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 1 972,2 миң сом суммасында негизги кирешe алынган, операциялык чыгашалар 1 358,6 миң сомду түзгөн, таза киреше 613,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө жобонун талаптарын бузуу менен, Ы. Манапбаевге жумушка кабыл алуу жөнүндө буйрук, иш күнүн эсепке алуу табели жана эмгек акыны эсептөөсү жок, негизсиз **4,0** миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштар:**

Ы. Манапбаевден негизсиз төлөнгөн.**4,0** миң сом эмгек акы өндүрүлсүн. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө жобонун талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер (жол баракчалары ж.б.), анын ичинде айрым транспорт каражаттарындагы спидометрлердин иштебей тургандыгынан улам толук көлөмдө тариздeлбегендигин белгилейт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, күйүүчү-майлоочу материалдарды сарптоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер толук көлөмдө тариздeлсин. Унаалардын спидометрлери иштеген абалга келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Жолдошев Р.

**Орок айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, анын ичинде активдер жана милдеттенмелер 14 231,0 миң сомго бекитилген, такталган план 19 859,7 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 22 868,9 миң сом түштү же план 115,0% аткарылган. Жыл башындагы эркин калдык 5 585,2 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 12 363,5 миң сомго бекитилген, 21 225,3 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 17 546,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 14 950,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренсинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 73,2 миң сом күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилген эмес (ченемден ашык КММ).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазама буйругун аткарбаган жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын. Күнөөлүү адамдардын эсебинен 73,2 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (ченемден ашык КММ).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке толук которулган эмес. Которулууга тиешелүү болгон 77,7 миң сомдун 41,1 миң сому жергиликтүү бюджетке түшкөн ал эми, **36,6** миң сом которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 36,6 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Туйтенов

**Первомай айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, анын ичинде активдер, милдеттенмелер жана трансферттер 10 074,0 миң сомго бекитилген, 12 365,8 миң сомго такталган, иш жүзүндө 14 120,8 миң сом түшкөн же план 114,2% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 3 494,7 миң сомго бекитилген, 4 842,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 4 801,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 4 728,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 130,2 миң сом

калыбына келтирилген эмес (жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 130,2 миң сомду калыбына келтирүүбоюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешенин 1/3 бөлүгү **43,9** миң сом жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 43,9 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Карабаев.

**Саз айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер, милдеттенмелер жана трансферттер менен бирге 7 896,8 миң сомго бекитилген, 10 420,6 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 10 469,6 миң сомду түзгөн, же план 100,5% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 203,8 миң сомго бекитилген, 9 830,9 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 9 625,7 миң сомду, иш жүзүндө 7 239,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин” деп, бекитилген 115-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, жергиликтүү бюджетке 2022-жылдын 24-ноябрында өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери боюнча 2022-жылга ижара акысы, анын ичинде жылдын башына карата дебитордук карыз 4 042,6 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 1 573,9 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз 2 468,7 миң сомго төмөндөтүлгөн, бул жергиликтүү бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

Ошондой эле, калктуу конуштун жерлери үчүн ижара акысы боюнча пландык көрсөткүч 361,3 миң сомго, муниципалдык имараттардын ижарасы боюнча план 83,5 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошентип, 2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, бардыгы **2 913,5** миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган, 3 кызматкер кабыл алынган, аларга **337,3** миң сом суммасында негизсиз эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде 49,6 миң сом Социалдык фондго которуулар.

Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын 37-беренесинин 2-пунктун бузуу менен, муниципалдык кызматта туруусунун чектүү курагына жеткен (65 жаш) Г. Маматкаипова иштейт (1956-жылы туулган), ага аудит мезгилинде **263,2** миң сом төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго которуулар 38,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгү так жетекчиликке алынсын. Жогоруда аталган мыйзамдын муниципалдык кызматта туруусунун чектүү курагына жеткенде кызматчыларды ээлеген кызмат ордунан бошотуу бөлүгүндө, 37-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптары өз убагында аткаылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Эмгек акыны төлөөнүн тууралыгына аудит жүргүзүүдө, аудит мезгилинде айыл өкмөтүнүн 5 кызматкерине **6,7** миң сом аз төлөнгөндүгү аныкталган, анын ичинде: айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кожокматовго – 1,1 миң сом, жооптуу катчы Э. Байсабаевага – 2,6 миң сом, айылдын старостасы С. Качкынчиевге – 2,9 миң сом, КТП Балбаевага – 0,1 миң сом.

**Сунуштама:**

Эмгек акыны кайра эсептөө жүргүзүлсүн жана: айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кожокматовго – 1,1 миң сом, жооптуу катчы Э. Байсабаевага – 2,6 миң сом, айылдын старостасы С. Качкынчиевге – 2,9 миң сом, КТП Балбаевага – 0,1 миң сом, бардыгы 6,7 миң сом төлөнүп берилсин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, аудит мезгилинде жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **30,0** миң сом жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 30,0 миң сом өндүрүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

2.3-Пункт. Саз айыл өкмөтү менен "Нурас-Тур" ЖЧКнын ортосунда түзүлгөн наркы 2 000,0 миң сомдук экскаваторду сатып алуу жөнүндө 2022-жылдын 19-сентябрындагы №59 келишимдин 2.3. пунктунда "Сатып алуучуга Жабдуучу тарабынан товарды өткөрүп берүү, Сатып алуучудан келишимдин жалпы суммасынан 30% өлчөмүндө алдын ала төлөмдү алган күндөн тартып 20 жумушчу күндөн кечиктирилбестен, ишке ашырылышы керек"деп каралган.

Саз айыл өкмөтү тарабынан жергиликтүү бюджеттен 2022-жылдын 6-октябрындагы №279, 2022-жылдын 10-октябрындагы №282, 2022-жылдын 11-октябрындагы №283, 286-

жылдын 2022-жылдын 13-октябрындагы №286, 2022-жылдын 25-октябрындагы №290 төлөм тапшырмалары менен жабдуучуга 1 500,0 миң сом которулган. Мында, "Нурас-Тур" ЖЧКсы тарабынан SHANHE SH90-80 маркасындагы экскаваторду жеткирүү, 2019-жылдын 2-мартында гана ишке ашырылган (кабыл алуу актысына ылайык).

Жогорудагы келишимдин 7.2-пунктка ылайык, "Жабдуучу тарабынан товарды жеткирип берүү мөөнөтүн бузган учурда, Жабдуучу Сатып алуучуга мөөнөтү өтүп кеткен ар бир күн үчүн, ушул Келишимдин жалпы суммасынын 0,5% өлчөмүндө, бирок, келишимдин жалпы суммасынын 5% ашпаган туум төлөйт".

Саз айыл өкмөтү менен "Нурас-Тур" ЖЧКнын ортосунда түзүлгөн 2022-жылдын 19-сентябрындагы №59 келишимдин 2.3 жана 7.2-пункттарына ылайык, товарды жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн "Нурас-Тур" ЖЧКсына 100,0 миң сом өлчөмүндө туум чегерилип, өндүрүлүүгө тийиш.

**Сунуштама**

Саз айыл өкмөтү менен "Нурас-Тур" ЖЧКнын ортосунда түзүлгөн 2022-жылдын 19-сентябрындагы №59 келишимдин 2.3 жана 7.2-пункттарына ылайык, товарды жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн "Нурас-Тур" ЖЧКсына 100,0 миң сом өлчөмүндө туум чегерилүүгө жана өндүрүлүүгө тийиш.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **464,6** миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор К. Чымылдаков, Р. Мейматкулов

**"Таза суу-Саз" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Саз айыл окмөтү)

2022-жылдагы Кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 271,4 миң сом суммасында негизги киреше алынган, башка операциялык иштерден кирешелер 542,4 миң сомду, операциялык чыгашалар 542,4 миң сомду түзгөн, жылдын жыйынтыгы боюнча пайда 271,4 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 186-беренесин бузуу менен, 2022-жылы эсептелген эмгек акынын жалпы суммасынан тиешелүү бюджетке **19,8** миң сом суммасында киреше салыгы которулган эмес. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык кодексин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, **71,9** миң сом суммасында камсыздандыруу төлөмдөрү которулган эмес (10 пайыз -26,4 миң сом, 17,25 пайыз – 45,5 миң сом).

**Сунуштама:**

Өз убагында кармалбаган 19,8 миң сом суммасында киреше салыгын жана 71,9 миң сом өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү өндүрүлсүн жана тиешелүү бюджеттерге которулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча

камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарынын так сакталышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор К. Чымылдаков, Р. Мейматкулов

**Сокулук айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү атайын каражаттар менен 62 568,9 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 72 581,0 миң сомго такталган, атайын каражаттар менен иш жүзүндөгү киреше 82 430,1 миң сомду түзгөн, бул такталган пландан 9 849,1 миң сомго көп, же аткарылышы 113,6% түзгөн. Жыл башындагы эркин калдык 12 037,0 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 58 068,9 миң сом суммасында бекитилген, 80 176,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 59 309,7 миң сомго, такталган пландан 20 867,1 миң сомго аз, же 73,9%, иш жүзүндөгү чыгаша 33 627,7 миң сом.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык 3-беренесинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 4 295,9 миң сом калыбына келтирилген эмес (жетпей калуу- 692,8 миң сом, эсепке берме каражаттарын кошкондо, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 655,7 мин сом; курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы- 249,3 мин сом; жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 698,1 миң сом).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 4 295,9 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (жетпей калуу- 692,8 миң сом, эсепке берме каражаттарын кошкондо, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу – 2 655,7 мин сом; курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы- 249,3 миң сом; жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 698,1 миң сом).

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча карыздар 133,5 миң сомду түзгөн. 2022-жылы 998,9 мин сомго АЧЖМФ жерлеринин ижара келишимдери түзүлгөн. Аны менен бирге, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 1 086,4 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү негизсиз **46,0** миң сомго төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы "ШНОС" ЖЧКсына КММ үчүн 163,0 миң сом которулган. Жабдуучу менен түзүлгөн салыштыруу актыларына ылайык, жалпы суммасы 125,6 миң сомго КММ алынган. Мында, "ШНОС" ЖЧКнын 37,4 миң сом өлчөмүндөгү дебитордук карызы дебитордук жана кредитордук карыздар журналында көрсөтүлгөн эмес жана 2023-жылдын 1-январына карата бухгалтердик балансta чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Ошондой эле, жеке ишкер А. Молдояньованын 547,4 миң сом суммасында (тамак-аш азыктары үчүн), жеке ишкер Т.Шабданбековдун 428,9 миң сом өлчөмүндө (тамак-аш азыктары үчүн), жеке ишкер Н. Иманкуловдун 35,7 миң сом суммасында жана эсепке берме акча каражаттары боюнча 160,0 миң сом суммасындагы дебитордук карыздар жашырылгандыгы аныкталган.

Бардыгы, аудит мезгилинде жалпы суммасы **1 209,4** миң сомго жашырылган дебитордук карыздар аныкталган.

**Сунуштама:**

"ШНОС" ЖЧКсынын 37,4 миң сом өлчөмүндөгү, жеке ишкер А. Молдоянованын 547,4 миң сом суммасындагы, жеке ишкер Т.Шабданбековдун 428,9 миң сом өлчөмүндөгү, жеке ишкер Н. Иманкуловдун 35,7 миң сом суммасындагы жана эсепке берме акча каражаттары боюнча 160,0 миң сом өлчөмүндөгү дебитордук карыздар, аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Сокулук айыл өкмөтүндө 2 бала бакча (№1 жана №2) жана №4 орто мектеби "Кыргызжылуулук" МИнин Беловодск райондор аралык филиалы тарабынан жылуулук менен камсыз кылынат. 2022-жылдын 1-январына карата баланс боюнча жылуулук энергиясына дебитордук карыз 79,0 миң сомду түзгөн. 2022-жылы жылуулук энергиясы үчүн которулган акча каражаттарынын жалпы суммасы 2 697,2 миң сомду түзгөн. Аудиттин жүрүшүндө 2022-жылы "Кыргызжылуулук" мамлекеттик ишканасынын Беловодск райондор аралык филиалы тарабынан берилген эсеп-фактуралар жана салыштыруу актылары боюнча жылуулук энергиясынын иш жүзүндөгү чыгымы 2 728,0 миң сомду түзгөндүгү аныкталган. 2023-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 48,2 миң сомду түзгөн. Бирок, 2022-жылга бухгалтердик отчеттуулук боюнча 3 798,3 миң сом өлчөмүндө иш жүзүндөгү чыгашалар жана 1 022,1 миң сом өлчөмүндө кредитордук карыз көрсөтүлгөн. Демек, 2023-жылдын 1-январына карата бухгалтердик баланс боюнча жылуулук энергиясына кредитордук карыз **973,9** миң сом суммасында негизсиз көбөйтүлгөн.

**Сунуштама:**

Бухгалтердик эсеп боюнча 973,9 миң сом суммасындагы жогорулатылган кредитордук карыз, оңдоо өткөрүүлөрү менен түзөтүлгөндүгү эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п буйругу менен бекитилген Бюджеттик классификациясын бузуу менен, 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул” беренесинен **200,0** мин сом сый акылар төлөнгөн, же бул акча каражаттары максатсыз пайдаланылган. Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 186-беренесин бузуу менен, сый акы алгандардан **16,6** мин сом суммасында киреше салыгы кармалган эмес жана тиешелүү бюджетке которулган эмес, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, **50,5** миң сом суммасында камсыздандыруу төлөмдөрү которулган эмес.

**Сунуштама:**

200,0 миң сомду максатсыз пайдаланууга күнөөлүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, бюджеттик каражаттарды пайдаланууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п буйругу менен бекитилген Бюджеттик классификациясынын талаптары так сакталсын.

16,6 миң сом суммасында өз убагында кармалбаган киреше салыгы жана 50,5 миң сом өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү өндүрүлсүн жана тиешелүү бюджеттерге которулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтому менен бекитилген,

Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы так сактоо камсыздалсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 5 кызматкер кабыл алынган, аларга **313,5** миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына мамлекеттик кызматкерлерди дайындоо, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, аудит мезгилинде жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **30,1** миң сом жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 30,1 миң сом өндүрүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде, эмгек келишими менен кабыл алынган 9 жумушчудан Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 186-беренесин бузуу менен, **6,1** миң сом суммасында киреше салыгы кармалган эмес жана тиешелүү бюджетке которулган эмес. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык кодексин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, **22,1** миң сом суммасында камсыздандыруу төлөмдөрү которулган эмес (10 пайыз -8,1 миң сом, 17,25 пайыз – 14,0 миң сом).

**Сунуштама:**

Өз убагында кармалбаган 6,1 миң сом суммасында киреше салыгын жана 22,1 миң сом өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү өндүрүлсүн жана тиешелүү бюджеттерге которулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарынын так сакталышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А.Токоматов

**"Сокулук Таза-Суу" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Сокулук айыл өкмөтү)

2022-жылдагы Кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 12 393,5 миң сом суммасындагы негизги киреше алынган, сатуу боюнча чыгашалар-12 488,4 миң сом, жыл жыйынтыгы боюнча зыян 94,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык 3-беренесинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча

жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 213,2 миң сом калыбына келтирилген эмес (эсепке берме каражаттарын кошкондо, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 213,2 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар корулсүн (эсепке берме каражаттарын кошкондо, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу) .

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кассага накталай акча каражаттарынын келип түшүүсүнүн толуктугуна аудит жүргүзүүдө, 2022-жылдын 1-январына карата ишкананын кассасындагы акча каражаттарынын калдыгы 2,9 миң сомду түзгөндүгү аныкталган. Бардыгы 9 052,7 миң сом суммасында акча каражаттары келип түшкөн, 8 996,7 миң сом сарпталган. 2023-жылдын 31-декабрына карата накталай акча каражаттарынын калдыгы 58,9 миң сомду түзүүгө тийиш. Бирок, ишкананын кассири Т.Абдылдаева түзгөн отчет боюнча кассадагы акча каражаттарынын калдыгы 4,9 миң сомду түзгөн. Жыйынтыгында акча каражаттарынын жетпей калуусу **54,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

54,0 миң сом суммасындагы жетпей калган акча каражаты ишкананын кассири Т.Абдылдаева тарабынан калыбына келтирилгендиги эске алынсын (2023-жылдын 10-майындагы №407 квитанциясы.). Мындан ары, накталай акча каражаттарын жүгүртүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибине так ылайык жүргүзүлсүн, кассадагы накталай акча каражаттары көзөмөлгө алынсын, акча каражаттарынын жетпей калуусуна жол берилбесин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А.Токоматов

**"Таза Сокулук" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Сокулук айыл өкмөтү)

Киреше планы 11 000,0 миң сомго бекитилген, аткарылышы 10 856,4 миң сомду түзгөн, бекитилген планга салыштырмалуу 143,6 миң сомго аз, же 98,7%. Чыгашалар 11 000,0 миң сомго бекитилген, иш жүзүндө 10 895,8 миң сомго жүргүзүлгөн, бекитилген планга салыштырмалуу 104,2 миң сомго аз, же 99,1%.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бузуу менен, жумуш орундарын аттестациялоосуз, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн ишкананын 7 кызматкерине **129,6** миң сом кошумча төлөмдөр төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарына так ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз эмгектин зыяндуу шарттары үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте, 2023-жылдын 1-январына карата эсепке берме суммалар боюнча **416,6** миң сом өлчөмүндөгү дебитордук карыз бухгалтердик эсеп боюнча көрсөтүлбөгөндүгү же жашырылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө, бухгалтердик эсеп боюнча 416,6 миң сом өлчөмүндөгү эсепке берме суммалар боюнча жашырылган дебитордук карыз калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Токоматов

**Төш-Булак айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 9 528,6 миң сомго бекитилген, 11 873,7 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткарылышы 12 053,9 миң сомду түзгөн, же план 101,5% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 628,6 миң сомго бекитилген, 11 789,7 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 11 515,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 10 596,2 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **72,9** миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына мамлекеттик кызматкерлерди дайындоо, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Абдуллаев

**Фрунзе айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 23 856,8 миң сомго бекитилген, атайын эсептин каражаттарын жана теңөөчү трансферттерди кошкондо, жыл ичинде 30 760,7 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткарылышы 31 386,7 миң сомду түзгөн, же план 102,0% аткарылган. 2022-жылдын 1-январына карата калдык 4 397,7 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 21 856,8 миң сомго бекитилген, 31 899,5 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 27 980,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 23 952,8 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, аудит мезгилинде бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага 3,6 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрүн кошкондо, **25,0** миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына мамлекеттик кызматкерлерди дайындоо, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **141,6** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 7-пунктуна ылайык, аудит мезгилинде жалпы аянты 289,1 га АЧЖМФ жерлеринин 53 ижарачыларына **83,2** миң сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү төлөөгө эсептелген.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө АЧЖМФ жерлеринин 16 ижарачысынан Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 3-пунктуна ылайык, 42,4 миң сом өндүрүлгөндүгү эске алынсын. 40,8 миң сомду өндүрүү жана тиешелүү бюджетке которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, аудит мезгилинде жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү **3,8** миң сом жергиликтүү бюджетке которулган эмес. Ошондой эле, бюджетке жайыттар үчүн **7,1** миң сом жер салыгы которулган эмес.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө жайыт комитети тарабынан 2023 – жылдын 26-апрелиндеги №13 кассалык кириштөө ордери менен, бюджетке 10,9 миң сом (жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү – 3,8 миң сом; жайыттар үчүн жер салыгы-7,1 миң сом) төлөнгөндүгү эске алынсын. Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пункту жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Солнышко" балдар бакчасында тамактанууга бекитилген ченемден ашыкча **15,3** миң сом сарпталган.

Мындан тышкары, 2023-жылдын 20-апрелинде жооптуу жак балдар бакчасынын башчысы К.Бабаевада азык-түлүк калдыктарын күтүүсүздөн инвентаризациялоодо, **3,1** миң сом суммасында жетпей калуу жана 1,6 миң сомго ашыкча чыгуу аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө 18,4 миң сом калыбына келтирилгендиги (2023-жылдын 27-апрелиндеги №14 жана №15 ККО) жана 1,6 миң сом суммасындагы тамак-аш азыктары кириштелгендиги эске алынсын. Мындан ары, тамак-аш азыктарын эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Комсомол толук эмес орто мектебинде 2022-жылдын 1-сентябрында келип түшкөн көмүрдүн калдыгын эсепке албастан, 2022-жылдын 1-апрелинде 8,4 тонна көмүр 37,6 миң

сом суммасында бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарылгандыгы аныкталган. Аудиттин жүрүшүндө 8,4 тонна көмүр актынын негизинде 37,6 миң сомго кириштелип, бухгалтердик эсепке алынган. Көмүрдү эсептен чыгаруу, комиссиянын эркин формада түзүлгөн актысынын негизинде жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө, актынын негизинде, бухгалтердик эсеп боюнча 8,4 тонна көмүр 37,6 миң сомго кириштелгендиги эске алынсын. Мындан ары, негизсиз ТМБ эсептен чыгарууга жол берилбесин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**“Тазалык Сервис көрктөндүрүү комбинаты” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Фрунзе айыл өкмөтү)

2022-жылдагы Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 3 253,4 миң сом негизги киреше алынган, чыгашалардын өздүк наркы 2 941,3 миң сом, жылдын жыйынтыгы боюнча Ишкананын пайдасы 339,1 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер (жол баракчалары ж.б.) айрым транспорт каражаттарындагы спидометрлердин иштебей тургандыгынан улам, толук көлөмдө тариздделбегендигин белгилейт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, күйүүчү-майлоочу материалдарды сарптоо боюнча баштапкы бухгалтердик документтер толук көлөмдө тариздделсин. Унаалардагы спидометрлер иштеген абалга келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков

**Шопоков шаарынын мэриясы**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы активдер жана милдеттенмелер менен бирге жалпы суммасы 44 961,8 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 50 868,2 миң сомго такталган, иш жүзүндө 54 103,6 миң сомго аткарылган, же план 120,3% аткарылган, пландан ашыкча 9 141,8 миң сом киреше түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттар менен 38 206,6 миң сом суммасында бекитилген, кассалык чыгаша 45 941,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 39 522,9 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, объектти өткөрүп берүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн келишимдин шарттарына ылайык, “Шопоков айылындагы Ленин көчөсү, футбол көчөсү боюнча тротуар жолун куруу" объектиси боюнча "Айдос-Кут" ЖЧКсына **187,9** миң сом өлчөмүндө туум чегерилген.

**Сунуштама:**

Келишим шарттарына ылайык, подрядчы "Айдос-Кут" ЖЧКсынан объектти тапшыруу мөөнөтүн бузгандыгы үчүн 187,9 миң сом өлчөмүндө туум өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Т. Мадакеев, А. Мусуралиев, Д. Кубанычбеков

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сокулук финансы башкармалыгы**

2022-жылга республикалык бюджеттен чыгашалар сметасы 5 186,6 миң сом суммасында бекитилип, 6 480,7 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 5 712,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 5 391,5 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Байбосунов С.

**"Таза айыл үчүн" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Атбашы айыл өкмөтү)

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясынын маалыматтары боюнча операциялык иштен негизги киреше 10 645,8 миң сомду, операциялык иштен чыгаша 10 645,8 миң сомду түзгөн, пайда же зыян алынган эмес.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**Күн-Түү айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен 7 916,3 миң сомго бекитилген, 10 991,6 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткарылышы 11 582,3 миң сомду түзгөн же план 105% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 916,3 миң сомго бекитилген, 11 457,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 9 680,9 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 9 686,2 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Кутпидин уулу

**"Новопавловка коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Новопавловка айыл өкмөтү)

2022-жылдагы Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 54 939,5 миң сом суммасында негизги киреше алынган, сатуунун өздүк наркы- 54 939,5 миң сом, жылдын жыйынтыгы боюнча пайда же зыян алынган эмес.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Ш. Кенешов жана А. Омурсаков

**"Ак-Ниет" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Первомай айыл өкмөтү)

2022-жылдагы Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетко ылайык, операциялык иштен 780,5 миң сом суммасында негизги киреше алынган, сатуунун өздүк наркы – 778,5 миң сом, операциялык иштен башка чыгашалар-2,0 миң сом, жылдын жыйынтыгы боюнча пайда же зыян алынган эмес.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Карабаев

**"Таза Төш-Булак" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Төш-Булак айыл өкмөтү)

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, жылдык жыйынды киреше 1 832,7 миң сомду түзгөн, эсептен чыгарууга тийиштүү чыгашалар 1 897,4 миң сомду түзгөн, жылдын жыйынтыгы боюнча Ишкананын чыгымы 64,7 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Абдуллаев

**Шопоков шаардык көрктөндүрүү комбинаты**

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, салык салынуучу кирешелер 19 552,0 миң сомду түзгөн. Эсептен чыгарылууга тийиш болгон чыгашалар 20 193,7 миң сомду түзгөн. Жылдын жыйынтыгы боюнча зыян (убыток) 641,5 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Т. Мадакеев

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**